DOI:10.33942/sit.ssh010 УДК 339.001.895 (575.2)

# МААЛЫМАТ-КОММУНИКАЦИЯЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ РЫНОГУН ТҮЗҮҮНҮН ТЕОРЕТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**Чоноров Ж.К.**
Жетектөөчү адис, Кыргыз Республикасынын, Социалдык фонду, zhanar_chonorov@mail.ru

***Аннотация:*** *Бул макалада маалымат-коммуникациялык кызмат көрсөтүү рыногун түзүнүн теориялык негиздери талкууланат. Ошондой эле маалыматтык жана байланыш кызматтары рыногунун өнүгүү тенденциялары талданды.*

***Негизги сөздөр:*** *Маалымат, байланыш, технология, маалымат кызматы, маалымат рыногу, маалымат ресурстары.*

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ФОРМИРОВАНИЯ РЫНКА ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННЫХ УСЛУГ

**Чоноров Ж.К.**

***Аннотация:*** *В статье рассматривается теоритические основы формирования рынка информационно-коммуникационных услуг. Также проанализированы тенденции развития рынка информационно-коммуникационных услуг.*

***Ключевые слова:*** *Информация, коммуникация, технология, информационная услуга, информационный рынок, информационные ресурсы.*

# THEORETICAL BASES OF FORMATION OF THE MARKET OF INFORMATION AND COMMUNICATION SERVICES

**Chonorov Zh.K.**

***Abstract:*** *The article discusses the theoretical foundations of the formation of the market of information and communication services. Also analyzed the development trends of the market of information and communication services.*

***Keywords:*** *Information, communication, technology, information service, information market, information resources.*

**Киришүү**.Бүгүнкү күндө илим менен техниканын дүйнөлүк жаңылыктарынын ачылыштарынын жана жетишкендиктеринин негизги үлүшү жалаң гана экономикалык мамилелерде субъектердин натыйжалуу аракеттерин камсыз кылуучу маалыматтарды алмашуу жана сактоо чөйрөсүнө ошондой эле аларды дүйнөлүк ресурстарга кеңири колдонууга багытталууда.

Азыркы убакта дүйнөдө маалыматтык технологиялар коомдун социалдык-экономикалык негизин калыптандырууга таасир этиен негизги фактору болууда, мында телекоммуникациялык жана компьютердик тармактар, глобалдык тармакты түзүүдө негизги ролуду ээлеп, анда өз ара байланышуу процесстери түзүлүп, дүйнө жүзүндө маалымат алмашууга ыңгайлуу шарттар түзүлүүдө.

Заманбап маалыматтык коомду түзүүдө, адамзат маданиятынын тарыхында бир

нече маалыматтык төңкөрүштөр болуп келген жана бул өзгөрүүлөр маалыматтарды иштеп чыгууда коомдо, өндүрүштө кескин өзгөрүүгө алып келген:

– ***биринчи маалыматтык төңкөрүш*** жазуу пайда болгон мезгил менен байланышкан. Ошол убакта жазууну материалдык сактап калуу мүмкүнчүлү пайда болуп, жазуу аркылуу муундан муунга өтүп, билимге ээ болуп, элдин тар чөйрөдө монополиясын жокко чыгара алган;

– ***экинчи маалыматтык тоңкөруш*** китептерди басып чагаруу менен шартталган, ал түп тамырынан бери өнөр жай тармагын, маданият жана уюштуруу иштерин өзгөртүүгө алып келген;

– ***үчүнчү маалыматтык төңкөрүш (***XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы) электр энергиясын ойлоп табуу менен бирге телеграф, телефон, радио аркылуу тез арада ар кандай көлөмдө маалыматтарды берүү жана алуу мүмкүнчүлүгүн пайда кылган;

– ***төртүнчү маалыматтык төңкөрүш*** (XX кылымдын 70-жылдарында) микропроцессордук технолгияларды ойлоп табуулар менен жана персоналдык компьютерди келип чыгышына байланыштуу. Компьютер тармактары, маалымат берүү микропроцессордук системасы жана интегралдык микросхемалардын эсептөө тарабынан түзүлгөн маалымат байланышын камсыз кылган.

Жаңы маалыматтык байланыш технологиялардын өнүгүүсү менен бирге, маалыматты иштеп чыгуу жана жайылтуу дүйнөлүк денгээлде маалымат чөйрөсүндө өзгөрүүлөргө алып келген. Мындай көрүнүш маалыматтык технологиялар чөйрөсүндө иштеген кызматкерлердин санынын өсүшү, маалыматты өндүрүү, сактоо жана кайра иштетүү иштерин түзгөндөр менен мүнөздөлгөн.

Маалыматташтырууну тартибин өлчөө коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө маалымат жана байланыш технологияларын толук кандуу колдонуусу менен аныкталат. Учурда маалымат маанилүү стратегиялык ресурс болуп саналат, айрыкча экономикалык процесинде маалыматтын колдонулуусу жаңы түшүнүктүн пайда болушуна алып келди «Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар» деген.

Маалымат жана байланыш технологиясы түшүнүгү «маалымат», «байланыш», «техника» деген негизги түшүнүктөргө негизделген.

***Маалымат*** (латынчадан которгондо «informatio») - бул билим, маалымат, билдирүүлөр, эскертмелер, башкача айтканда, адам сезиминин байланышына таандык нерсе. Кенен мааниде, айтканда маалымат деген сөз – бул маалымат, билим жана билдирүүлөр, сактоо, өзгөртүү жана өткөрүү болуп саналат [1].

***Байланыш*** (латынчадан которгондо «communicatio» - билдирүү, берүү) - байланыш, идеяларды алмашуу, маалыматтар, идеялар, ж.б.; бир ой бир мазмунду берүү (жамааттык же жеке) жана башка белгилер аркылуу, материалдык

каражаттардын жардамы менен жазылган. Байланыш коомдук түзүлүшүн чагылдырган, коомдук иш болуп саналат жана аны жүзөгө ашыруучу иш милдетин байланыштырат [2].

***Технология*** (латынчадан которгондо «techne» - искусство, чеберчилик, өнөрдүүлүк «logos» - «ой», «сезим», «түшүнүк») - бул ыкмалардын жана каражаттардын жыйындысы каалаган натыйжага жетишүү [3].

Маалымат-коммуникациялык тейлөө рыногунун тарыхы маалыматтык коомдун пайда болушу менен байланышкан. «Маалыматтык коом» деген түшүнүктү биринчилерден болуп Токио технологиялык институтунун профессору Ю. Хаяши ойлоп тапкан. Ошондой эле «маалыматтык коом» теориясын М. Порат, Й. Масуда, Т, Стоуньер, Р. Карс деген белгилүү окумуштуулар иштеп чыгышкан[4].

Маалымат-коммуникациялык кызмат көрсөтүүлөр рыногунун пайда болушу XX кылымдын 50-жылдарынын орто ченинен башталган. Маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги берүүчүлөр болуп билим берүү, кесиптик, илимий жана техникалык коомдор, мамлекеттик органдар, билим берүү уюмдарынын маалыматтык кызматы эсептелген. Негизги керектөөчүлөр болуп илим жана техника тармагындагы окумуштуулар жана эксперттер болгон.

1960 - жылдардын башында электрондук кызматтарынын рыногун түзүү жана маалымат берүү калыптана баштаган. Бул мезгил ичинде соода маалымат органдарынын пайда болушу жана бекемдөө менен мүнөздөлгөн. Төмөнкүдөй маалыматтык камсыз кылуу кызматтары көрсөтүлгөн: маалыматтык басылма, жазылууну бөлүштүрүү (анын ичинде чет өлкөдө), библиографияны камтыган докладдар жана обзордук аналитикалык маалыматтар, китепкана кызматтары жана суроо талап боюнча негизги булактардын нускасын көчүрүүлөр.

1960 - жылдардын ортосунан тартып компьютердик технологияларды кеңири колдонуунун натыйжасында маалыматтык кызматтардын маанилүү түрү билимдин бардык бутактарынын жана маалыматтын ар кандай түрлөрүн камтыган, маалымат рыногу калыптана баштаган.

1970 - жылдардын ортосунан баштап маалымат түйүндөрүнүн пайда болушу менен бирге маалыматтык кызматтар, колдонуучулардын ортосунда алыскы аралыктан өз ара маалымат алмашууга шарттар түзүлгөн. 1980 - жылдан тартып маалымат байланыш технологиялар тармагы экономикалык жана коомдук жашоодо көбүрөөк таасирин берип, баардык тармактардын өнүгүп өсүшүн камсыз кыла баштаган. Маалыматтык технологиялардын өнүгүшү менен бирге анын ичинде жаңы белгилеринин пайда болушуна өбөлгө түзүлгөн, анын ичинде: алыскы маалыматтар базасына жетүү; таратылган маалыматтарды иштеп чыгуу; электрондук почта; видеоконференциялар ж.б.

Илимий дисциплина катары, маалыматтык экономика XX-кылымдын экинчи жарымында калыптана баштаган. "Билим экономикасы" деген терминди Америкалык экономист Ф.Махлупоп тарабынан кабыл алынган жана «Америка Кошмо Штаттарында билим өндүрүү жана таратуу» китебинде жазылган [5].

Ф. Махлуп заманбап экономиканын маанилүү тармагы билим деп айткан, жана ар тараптуулугун байланыштыруу, илим, өндүрүш, эмгек рыногу, маалыматты сактоо жана жайылтуу болуп саналат деген. Бул маселени андан ары изилдөө боюнча М. Порат жана М. Рубин деген окумуштуулар, маалымат ишчараларынын эл аралык тажрыйбадагы талдоо ыкмасын жазышкан.

Маалымат кызматтарынын рыногу - бул соода сатык боюнча интеллектуалдык иштин азыктарын соода экономикалык, укуктук жана уюштуруучулук мамилелердин системасы. Маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр рыногу маалыматты түзүүгө, керектөөгө, сактоого, иштетүүгө, берүүгө байланыштуу факторлордун жыйындысынын негизинде жүзөгө ашырылат. Маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр рыногу өнүгүү жолунда өндүрүүчүлөрдүн, керектөөчүлөрдүн жана ортомчулардын чакан тутумдарын камтыйт.

Маалыматтык экономикага өтүүнүн негизинде социалдык өнүгүүнүн заманбап этабы өндүрүштүн, алмашуу, керектөө жана топтоонун жаңы багыттары пайда болгон. Ушундай чөйрөлөрдүн бири маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр рыногу деп аталган. Бул жагынан алганда, маалымат-коммуникациялык кызматтар рыногу, экономикалык, укуктук жана уюштуруучулук мамилелеринде, сатуучулар  жана керектөөчүлөрдүн ортосунда пайда болгон маалыматтык кызматтын наркында.

Экономикалык маалыматтар боюнча, ал экономикалык мүнөздөгү ар түрдүү маалыматтардын системасын пландоо, анализдөө, иштеп чыгуу, айландыруу жана колдолунуш милдеттерин экономикалык башкаруунун ар кандай тармактарында колдолунушу.

Бүгүнкү күндө көптөгөн өлкөлөрдө маалыматтык коомдун негизги технологияларын өнүктүрүү, алардын негизинде адам турмушунун, тармактын жана коомдун ар кандай чөйрөлөрүндө кызмат көрсөтүү тутумдарын түзүү боюнча жигердүү саясаттар жүрүүдө. Экономикалык жана социалдык кырдаалды, өлкөнүн же региондун келечегин, алардын дүйнөлүк жана улуттук экономикалардагы позициясын аныктаган бул саясат маалыматташтыруу деп аталат. Маалыматташтыруу - маалымат ресурстарын түзүү жана пайдалануу үчүн мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, уюмдар, коомдук бирикмелер тарабынан маалыматтык муктаждыкты канааттандыруу үчүн уюштурулган социалдык-экономикалык жана илимий-техникалык процесске жараша жүрүзүлөт.

Маалыматтык коомдо - кызматкерлердин көпчүлүгү өндүрүү, сактоо, кайра

иштетүү жана маалыматты сатуу менен алек болуусу менен аныкталат. Бул кадам коомдун жана экономиканын өнүгүшүндө төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт:

– коомдо маалымат, билим жана маалымат технологияларын ролун жогорулашы;

– маалыматтык-коммуникациялык технологиялар тармагындагы иштеген кызматкерлердин маалыматты өндурүү жана кызматтарды көрсөтүүсүнүн көбөйүшүү;

– коомду маалыматташтырууда, телефон, радио, телекөрсөтүү, интернет, ошондой эле, салттуу жана электрондук маалымдоо каражаттары колдонуусу;

– дүйнөлүк маалымат мейкиндигин түзүү менен бирге маалыматты керектөөчүлөрдүн өз ара маалымат алмашууда муктаждыктарын канаттандыруу.

У. Мартин көз карашында маалыматтык коомдун астында өнүккөн коомду түшүнүү керек деп эсептеген, алардын негизги өзгөчөлүктөрү коомдун экономикалык, саясий жана маданий критерийлери бири болуп технологиялык фактору саналат [6].

Мисалы, С. Фабрисэнт АКШда 1871-жылдан 1951-жылга чейин киши башына өндүрүштүн көбөйүү процесстерин карап, капиталдын өсүшүнө 10% гана, ал эми технологиялык прогресстин таасири менен 90% жогорулаганын түшүндүргөн. 1844-жылдан 1953-жылга чейин АКШда киши башына чыгарылган продукциянын көбөйүшүн талдап чыккандан кийин, М. Абрамович 400% реалдуу өсүштүн 14% гана капиталды пайдалануунун интенсивдүүлүгүнүн жогорулашы менен байланыштырды жана калган бардыгын технологиялык прогресстин натыйжасы деп эсептеген. Башка бир окумуштуу Р.Соловдун изилдөөсүнүн натыйжасында, Американын жеке чарбалык секторунда киши башына дүң продукциянын көлөмү 1909-жылдан 1949-жылга чейин эки эсеге көбөйгөн деген жыйынтыкка келген: "87.5% өсүшү технологиялык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында болгон, ал эми калган 12,5% га - капиталды пайдалануунун көбөйүшүндө" [7].

**Жыйынтыктоо**

Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында маалыматтык кызмат көрсөтүү рыногунун калыптануу баскычтары баса белгиленди. Ар бир этаптын калыптанышында маалыматты иштеп чыгуу, сактоо жана берүү үчүн технологиялардын өнүгүүсүнө жараша маалымат кызматтары рыногунун аныктамаларынын калыптанышы аныкталды. Маалыматтык жана коммуникациялык кызматтарынын рыногу маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жаатындагы илимий-техникалык прогресстин өнүгүшү менен технологиялар тармагындагы иштеген кызматкерлердин маалыматты өндурүү жана кызматтарды көрсөтүүлөрү талкууланды.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

*[1] Информационные системы и технологии в экономике и управлении: Учеб.*

*пособие/под ред. Проф.* ***В.В. Трофимова.*** *-2-е изд., перераб. И доп.- М.:Высшее образование, 2007.-С.17*

*[2]* ***Багиев Г.Л., Тарасевич В.М, Анн Х.*** *Маркетинг. М.: Экономика, 1999. С.95*

*[3]* ***Некрасов С. И., Некрасова Н. А.*** *Философия науки и техники: тематический словарь. — Орёл: ОГУ. 2010.*

*[4]* ***Варакин Л. Е.*** *Глобальное информационное общество: Критерии развития и социально-экономические аспекты. – М.: Междунар. акад. связи, 2001. – 43с.*

*[5]* ***Махлуп Ф.*** *Производство и распространение знаний в США. Издательство "Прогресс" Москва, 1966 г.*

*[6]* ***Мартин В.Д.*** *Информационное сообщество / В.Д. Мартин. – Лондон: Аслиб, 2008. 233 с.*

*[7]* ***Mackie-Mason J.,*** *Varian H. Some economics of the INTERNET. 1993. 31 p. // ewp-comp/9401001.*